## 1. Минималдуулаптардынаткарылышынталдоожанатастыктоочубаза

| | | Өзүн-өзү баалоонуннатыйжалары | Тастыктоочубаза |
|---|---|---|---|
| **1.БИЛИМБЕРҮҮПРОГРАММАСЫНЫНМАЗМУНУЖАНАОКУУ-МЕТОДИКАЛЫККАМСЫЗДАЛЫШЫ** | | | |
| анажынынналышуук 1.1 | О малардынбилимберүүстандартынын,базистикокууплананын<br>талаптарынажанакызыкдартараптардынкеректөөлөрүнөылайыкелүүсү | Мамлекеттик стандарт билим берүү процессинин катышуучуларынын ар биринебилим берүүдөгү белгилүү натыйжаларга жоопкерчиликтүү мамиле жасайт.Мамлекеттик стандарт сабактар боюнча стандарттарды , ошондой эле базистик окуу планды , негизги жалпы билим берүү программаларын , санитардык-гигиеналык талаптарды жана коопсуздук техникасын иштеп чыгуу үчүн негиз болуп саналат. А.Бакаев атындагы Ильич жалпы билим берүү орто мектеби мекемесинде билим берүү окуупланынынжанапрограммалардынбилимберүүстандартынын,базистикокуу планынын талаптарынажанакызыкдартараптардынкеректөөлөрүнөылайыккелет.<br>Мектептинстратегиялык планы райондукбилимберүүтарабынанбекитилген.<br>Мамлекеттик билим берүү стандартындагы окуу программаларынын, базистик окуу планынын негизинде бекитилген класс комплекти боюнча мугалимдерге окуу жүктөмдөрү бөлүштүрүлгөн.<br>Жумалык жүктөмдөр : | 1.Базистик план<br>2.Стратегиялык план<br>3.Кален.план компонент.<br>Веб-сайты<br>https://b akaev.mektebim.kg/ |

| | |
|---|---|
| 1-класс | 20 саат |
| 2-класс | 22 саат |
| 3-класс | 24 саат |
| 4-класс | 25 саат |
| 5-класс | 29 саат |
| 6-класс | 30 саат |
| 7-класс | 30 саат |

| | |
|---|---|
| 8-класс | 30 саат |
| 9-класс | 30 саат |
| 10-класс | 29 саат |
| 11-класс | 30 саат |
| 0-класс | 480 саат |

Баардык предметтер боюнча мугалимдер жетиштүү.

Базистик окуу планынын мектептик компоненти мектептин керектөөлөрүн жана билим берүү жаатындагы кызыкчылыктарды эске алуу менен бирге, окуучулардын жана ата-энелердин макулдашылган кызыкчылыктарын,керектөөлөрү менен мүмкүнчүлүктөрүн туюндуруп, мектептин багытын чагылдырат.

Мектептик билим берүү үзгүлтүксүз үч баскычтуу тутум боюнча ишке ашырылат.

Биринчи баскыч-башталгыч жалпы билим берүү.Анын ченемдик окуу мөөнөтү-4 жыл(1-4-класстар)

Экинчи баскыч-негизги жалпы билим берүү.Анын ченемдик окуу мөөнөтү -5 жыл (5-9-класстар)

Үчүнчү баскыч-жалпы орто билим берүү.Анын ченемдик окуу мөөнөтү -2 жыл (10-11-класстар)

Билим алуунун формасы күндүзгү.

Мектеп компоненти билим берүү уюму тарабынан окуучулар жана алардын ата-энелеринин макулдугу менен иштелип чыккан. Мектеп компонентин окутуу мектепте тандалып алынган сабактардын тереңдетип окутууга пайдаланылат .

Билим берүүнүн:

I баскычында – башталгыч класстар -1-4- класстар- 110 окуучу.

I I баскычында – негизги мектеп -5-9- класстар -98 окуучу

I I I баскычында- 10-11- класстар 30 окуучу

Мектеп Кыргыз Республикасынын окуучуларына бюджеттик каржылоонун негизинде толук кандуу билим берет.

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Мектеп Кемин райондук билим берүү бөлүмүнүн, Ильич айылындагы айылдык кеңешинин, ата-энелердин, окуучулардын жана мугалимдердин кызматташуусу менен окуучулардын сапаттуу билим жана тарбия алуусуна , турмуштук көндүмдөрдүн өнүгүүсүнө максат алган.<br>Каникулдун графиги Базистик окуу планынын түшүндүрмө катынын негизинде коюлган. Программалар, окуу китептери , текшерүүчү дидактикалык материалдар, усулдук адабияттар, тематикалык иш-чаралар окуу планына, билим берүүнүн мазмунунун милдеттүү минимумуна, окутуунун сапатынын жыйынтыгына, окуучулардын өнүгүүсүнүн деңгээлине жана психологиясына дал келет. | |
| 1.2 | Окуу -методикалык камсыздоонун билим берүү стандартынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү | Окуу-методикалык камсыздоо Базистик окуу планына дал келет.Мектепте билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн жеткиликтүү окуу-методикалык материалдар менен камсыздалган .Окуу-методикалык камсыздоо өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: окуу китептер, адабий китептер, усулдук колдонмолор, окуу-көрсөтмө куралдар, сүрөттөр , плакаттар , таблицалар, маалыматаамалар, маселелер жыйнагы<br>Эгерде 2018-2019-жылы стандарттын мазмундук тилкелери эле иштелип чыкса, азыр предмет аралык байланыштары өрчүп, күтүлүүчү натыйжаларын ачып көрсөтүүгө жетишти.Окуу -усулдук колдонмо – илимдин кайсы бир тармагы боюнча окуучулардан теориялык түшүнүктөрүн жана ал боюнча пратикалык машыгууларын бекемдөөдө мугалимге илимий -методикалык жактан таяныч болуучу эң биринчи окуу куралы болгондуктан, бардык предметтик мугалимдер чыгармачылыгын өнүктүрүү максатында кеңири колдонушат.Мектеп китепканасында окуу усулдук колдонмо ар бир предмет боюнча жетиштүү.Мугалимдер окуу усулдук колдонмолордогу тематикалык пландарды, окуу материалдарынын чейрекке карата бөлүнүшүн, сунуштарды, сабактардын типтүү үлгүлөрүн, сабакты натыйжалуу жүргүзүүнүн жаңы | 1. Жалпы билим берүү стандарты, 2.мугалимдердин мам.стандарт боюнча сабактарынын иштелмелеринин планы<br>3.Календардык-тематикалык план жана окуу программалары Мамлекеттик стандарт боюнча |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | технологияларын, методикалык ыкмаларды өзүнө таяныч материал катары пайдаланышат.Предметтик мугалимдер окуу усулдук колдонмолорду чыгармачылык менен өркүндөтүп , ар кандай семинарларды, ачык сабактарды өтүүдө кеңири колдонушат .Китепканачы тарбынан ар бир жылда келген окуу методикалык колдонмолор журналга катталып турат. Мугалимдер бул колдонмолорду натыйжалуу пайдалануу менен өз билимин өркүндөтүп, бири-бири менен тажрыйба алмашууда. Окуу усулдук колдонмолор билим берүү стандартынын талаптарына жооп берет.<br>Атайын билим алуу муктаждыктары аныкталган окуучуларга үй-бүлөнүн жана жалпы же атайын билим берүү уюмунун адисинин тандоосун эске алуу менен жалпы же жекече окутуу программасы боюнча окутулат.<br>Мектеп администрациясы ар бир баланы билим берүү процессине кошуу үчүн инклюзивдик чөйрөнү, ага кошо вариативдик шарттарды (жалпы же өзүнчө класста, үйүндө окутуу, аралыктан окутуунун формалары. ж.б.) түзүп берүү менен окутуу программасын аныктап, инклюзивдик билим берүү талаптарына ылайык окуу методикасы менен касыздайт.Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары саламаттык сактоо жана социалдык коргоо органдары менен бирдикте зарыл болгон учурда сапаттуу билим алууну камсыз кылуу үчүн көмөктөшүүчү каражаттарды берет (коляска, аудио жана видео көмөктөшүүчү каражаттар, класста жана мектепте дене бойго жагымдуу чөйрөнү уюштуруп берүү). | |
| т амыл а амүү тиит ә 1.3 | Ж рстардын(окуучулардынконтингентине,аныничиндеокутуутилдерине каратаокуу–методикалыкадабияттардын фонду)болушу | Мамлекттин функциясы жаңы окуу китептерин иштеп чыгуу, россиянын окуу китептерин Кыргызстандын окуу программаларына ыңгайлаштыруу болуп эсептелинет. Окуучулардын контингентине, окутуу тилине карата мектеп фондунда методикалык адабияттар жетиштүү. Мамлекеттик тилде окуган класстар окуу китеби -90% менен камсыздалды. Расмий тилде окуган класстарда окуу китеби -80% менен камсыздалды. Окуу китеби менен | 1.Электрондук библиотека<br>2.мектеп китепканасынын окуу китептеринин фондусунун абалы жөнүндө маалымат. Д-10.<br>3. 2021-2022-окуу жылына карата окуучулардын окуу |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | камсыздоонун 5 жылдык анализи боюнча канааттандырарлык динамикалык көрсөткүч берүүдө. Маалыматтык ресурстардын жеткиликтүү жана окуу-методикалык камсыздоонун жетиштүү болушу бардык кызыкдар тараптардын ар кандай маалыматт алыщы үчүн жана пландаган максатына жетүүсүнө багытталган .<br>Окуу-методикалык жана маалыматтык ресуртардын билим берүүнүн программасына ылайык ишке ашыруусу төмөнкүлөрдү камтыйт:<br>-Окуучулардын сапаттуу билим алуусуна , окутуучулардын сабак берүүдөгүишмердүүлүгүн жакшыртуу үчүн маалыматтык жактан колдоо көрсөтүү максатында , 1-корпустун үч окуу кабинеттеринде интернет линиясы тартылган.<br>- Бардык окуу предметтери боюнча басылып чыккан ресурстардын болушу ( тесттер, практикалык жана лабараториялык тапшырмалар , тарых жана география сабактары боюнча карталар, ж.б.көрсөтмө куралдар.)<br>Кемин райондук билим берүү бөлүмү, айыл өкмөтү жана ата-энелер коомчулугу менен бирдикте мектептин материалдык - техникалык базасын чыңдап, окуу китептери, усулдук колдонмолор жана компьютер менен жабдуу үчүн бир катар иштер жасалган.Аталган иш-аракеттердин бардыгы педагогикалык кеңештердин отурумдарында жана ата-энелер чогулуштарында жүргүзүлгөн сурамжылоо, анкета, тестирлөө жүргүзүү аркылуу ишке ашырылат. | китеби менен касыздалышы боюнча отчёт |
| 1.4 | Билим [illegible] жана окуу-методикалык камсыздоонун [illegible] жакшыртуу максатындакызыкдартараптардынкүтүүлөрүн,керектөөлөрүнжанаканааттануусунмезгилдүүбаалоонунжанамаалым | Мектепте маалыматтык коопсуздукту камсыздоону жөнгө салуу үчүн төмөнкү ички актылар иштелип чыккан:<br>- Маалыматтык коопсуздуктун жобосу;<br>- Аралыктан окутуунун жобосу;<br>Мектептиги маалыматтык коопсуздук өзүнө 3чоң багытты камтыйт:<br>1. Компьтердик , сервердик жана маалыматтык системалыкжана жергиликтүү тармактык маалыматтык коопсуздукту;<br>2. Мектептин өздүк маалыматынын коопсуздугун; | 1. Маалыматтык коопсуздук боюнча окуучулар үчүн эскерткич<br>2.Маалыматтык коопсуздуктун жобосу.<br>3.Аралыктан окутуунун жобосу.<br>4. Интернет коопсуздугу боюнча |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | аттыккоопсуздуктукамсыздоонунколдонуудагымеханизмининболушу | 3. Балдарга терс таасирин тийгизүүчү маалыматтардан коргоо;<br>Бул маселелерди чечүү үчүн билим берүү мекемесинде ар тараптуу жана системалуу түрдө иш жүргүзүлөт. Алдын ала ойлонуштурулуптүзүлгөн билим берүү мейкиндиги,тарбия иштери боюнча маалыматтык коопсуздук тууралуу класстык саатардын, чогулуштардын жана иш чаралардын өтүлүшү жана жаш өзгөчөлүгүнө жараша окуучуларды мектептин коомдук иштерине тартуу, маалыматтык коопсуздуктан сактоодо өз натыйжасын берүүдө. Мектепте маалыматтык коопсуздукту камсыздоо максатында жыл ичинде класс жетекчилер менен бирдикте тегерек стол өтүлөт. | өтүлгөн класстык ата-энелер чогулушунун протоколунун үлгүсү<br>5.Класс жетекчилер менен өтүлгөн тегерек столдун протоколу |

**Күчтүүжактар:**

1. М[illegible] керектөөлөрүнө дал келиши.

2. Мектеп базистик окуу планынын негизинде окутушу.

3.Мектеп компенентин окутуу мектепте тандалып алынган сабактардын тереңдетип окутууга пайдаланылышы.

4. Окутуучулар окуу программасына ылайык усулдук колдонмолор, маалыматтык ресурстар менен камсыздалышы;

5. Окуучулар кошумча камкорчулар кеңеши тарабынан окуу китептери менен касыздалышы;

6. Көпчүлүк педагогдордун замандын талабына ылайык компьютер менен иштей билүүсү;

**Алсыз жактар:**

1.Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн класстардын окуу китептеринин Мамлекеттик стандарттын негизинде жетишсиздиги.

2.Билим сапатын арттырууда, ата-энелер коомчулугунун катышуусунун төмөндүгү, ата-энеси чет же ички-тышкы мигрант балдардын акыбалы;

**Сунуш:**

1.Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн класстарды окуу китеби менен камсыздоо;

**2. КОМПЕТЕНТТҮҮОКУТУУНУИШКЕАШЫРУУЖАНАОКУУЧУЛАРДЫНЖЕТИШКЕНДИКТЕРИНБААЛОО**

| | | | |
|---|---|---|---|
| шаднал 2.1. [illegible]тук | О | планы талапка ылайык иштелип чыккан. | 1.Мектептин өнүгүү планы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | ганмаксаттарынынболушу | **Мектептин миссиясы:**<br>**Коомдо атаандаштыка жөндөмдүү инсанды татыктуу тарбиялоо, сапаттуу билим берүүгө жетишүү, өз баскычтарына шайкеш келген билим алууга база түзүү менен ден-соолугу таза, шык талантын өнүктүргөн инсанды калыптандыруу.**<br>Милдеттери:<br>1.Мектепке чейинки даярдоо, бардык балдарды мектепке тартуу<br>2.Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу<br>3. Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу<br>4. Ден соолукту сактоочу чөйрөнү түзүү<br>5. Мектеп китепканасынын ишин жакшыртуу<br>6. Таланттуу окуучулар менен иш жүргүзүүнү өркүндөтүү<br>7.Мектептин материалдык –техникалык базасын чыңдоо<br>8.Финансы иштерин пландоо<br><br>Пландын негизинде ар бир окуу жылында иш жүргүзүлүп, өткөн окуу жылына карата салыштыруу анализи жүргүзүлүп турат.Мектептин жалпы планы иштелип чыккан.Жалпы пландын негизинде жыл ичинде бардык иш-чаралар толук аткарылат.Ар бир окуу жылына окутуунун пландаштырылган максаты иштелип чыккан.Усулдук бирикмелер жылдык анализди жүргүзүп, кийинки окуу жылына окуутунун максатын жана милдеттерин усулдук кеңешмеде аныкташат.<br><br>Мектепте окутуунун максаттары , окуучунун позицисиясына карата окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары менен усулдук бирикменин жетекчилери тарабынан иштелип чыгат.<br><br>Мугалимдер жылдык календардык пландарына ар бир өтүлүүчү темага карата сабактын максатын, окутуунун күтүлүүчү натыйжаларын жана көрсөткүчтөрүн жазышат.Окуу программасы боюнча усулдук колдонмолордо белгилүү предмет боюнча окутуунунмасаттары берилген.Алар биздин билим | 2.Мектептин жалпы планы,максаты, милдеттери<br>3.Окуузавучунун планы<br>4.Тарбиязавучтун планы<br>5.УК.УБ.планы<br>6.Окуу тарбиябоюнчадиректордун орун басарынын отчёту.<br><br>7.Тарбия завучунун отчёту |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | берүү стандартына дал келген негизди түзөт.<br>Мугалимдер окутууну предмет боюнча стандарттарга, окуу программасына ылайык жана окуучулардын өзгөчөлүктөрү менен муктаждыктарын эске алуу менен пландаштырат. Окутуунун максаттарына , материалдын өзгөчөлүгүнө жана окутуу баскычтарына ылайык сабактарды алдын-ала пландаштыруу менен иштешет.Ар бир сабакта сабактын максаттары коюлат. Сабактын максатын окуучулар менен дагы чогу иштеп чыгышат.<br>Окуучулар, мектеп программасында окутулуучу сабактарынан өзгөчө тил (кыргыз, орус, чет), математика, табигый илимдер, техникалык дисциплиналар боюнча компетенттүү болуулары зарыл.Ошол максатта мектепте, окуучуларга билим берүүдө компетенттүү мамиле жасоо менен жумушта жана жашоо-турмушта ийгиликтерге жетишүүлөрү үчүн, өздөрүнүн билимдерин реалдык маселелерди чечүүлөрдө жана алган билимин келечекте пайдалана билүүгө тарбия берүү болуп саналат. | |
| 2.2. | Окутуу - тарбиялоопроцессиндеиновациялыктехнологияларды жанаметоддордуколдонуу | Окутуу процессинде иновациялык методдор окуучулардын билимин гана жогрулатпастан, анын чыгармачылык потенциалын өстүрөт.Окуучулардын билгичтик көндүмдөрүнүн ар кандай элементтерин өз алдынча колдонууга , жашоо шартында жана тааныш ,тааныш эмес жашоодо пайдаланып кетүүгө тарбиялоодобуз.Күтүлүүчү натыйжанын үч репродиктивдүү, продуктивдүү жана креативдүү деңгээли менен иштөөдөбүз.Окутуунун жаңы технологиясы катары : программалык тестирлөө, модуль системасы интерактивдүү окутуу, сынчыл ойломду өстүрүү программасынын стратегиясы жана башкалар практикаланууда. Жогоруда белгиленген окутуунун жаңы технологиялары окуучулардын чыгармачыл жана интелектуалдык мүмкүнчүлүктөрүн ачуу аркылуу аларды өзүн-өзү өнүктүрүү, ой жүгүртүүсүн өстүрүү, тарбиялоо, билгичтиктерин жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу максаттарын көздөп, окутуу технологиясынын мазмунун жана багыттарын бир топ оптималдаштырып жаңыртты. Ошондуктан, окутуунун технологиялык стратегияларынын ар бири тийиштүү даражадагы айкын максаттарга | .<br>*1.Башталгыч У.Б.*<br>2.Так илимдер У.Б.<br>3Тилчилер У.Б.<br>4.ТабигыйилимдерУ.Б.<br>5. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | жетишүүнүн куралы болуп саналат. Мектепте бул стратегиялар мугалим тарабынан, мисалы төмөнкүдөй билгичтиктерди өнүктүрүү үчүн пайдаланылат:<br>-Окутуудагы жана турмуштагы маанилүү маселелерди чече билүү ишкердүүлүгү;<br>-Тексттеги негизги маани-маңыздык тилдик бирдиктерди бөлүп алуу билгичтиги;<br>Ал эми окуучуларда төмөндөгүдөй сапаттардын калыптанышы үчүн колдонулат:<br>-Топ ичинде биргелешкен үзүрлүү иш-аракеттик жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу.<br>-Маалымат булактары менен иштөөдөгү тактык жана тыкандыкка<br>Мектепте методсеминарлардын жылдык планы түзүлгөн.Пландын негизинде мектеп ичинде жана райондук деңгээлде семинарлар өткөрүлүп турат.Семинарларды окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары, усулдук кеңештин жана усулдук бирикменин жетекчилери тарабынан уюштурулат.<br>Практикалык жана лабораториялык иштерди аткарууда иновациялык технологиялар жана аралыктан окутуу мезгилинде ЗУУМ, КЛАСС РУМ, ВААЛОО АР, САБАК АР платформаларын колдонушат.<br>Азыркы тапта МКТ ны мектеп мугалимдери жакшы өздөштүрүп калышты.80% мугалимдер МКТны өздөштүргөн жана практикада пайдалана алышат.Проекторлорду сабак өтүүдө колдоно алышат. МКТнын жардамы менен слайддарды түзүшөт, видео сабактарды жасашат, онлайн экскурсияларды уюштура алышат.Окуучулардын билим сапатын онлайн окуу мезгилинде тест алуу менен текшерип жатышты. Интерактивдүү доска менен иштөөнү дагы жакшы өздөштүрө алышты.Мектепте МКТ колдонуу үчүн шарттар түзүлгөн. Ар бир окуу кабинетинде интернет линиялары тартылган. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.3. | **О корректировкалоодокайтарымбайланышмеханизмининболушу** | Педагогикалык окутуу методдорун баалоо жана корректировкалоо максатында мектепте кайтарым байланыштын механизимдеринин системасы бар.Ага төмөнкүлөр кирет: УБ,УК, өз ара сабакка катышуу, усулдарды жана технологияларды корректировкалоодо өзүнүн ишин баалоо, окутуунун жыйынтыктарына жана өткөн сабагына карата өзүнө анализ берүү.<br><br>Мугалимдердин өз ара сабакка катышууларынын саны да арбын. Ар бир сабакка катышуулар мугалимдердин сабакка катышуу дептерлерине камтылган. Натыйжада мамлекеттик стандарттын талабына ылайык мугалимдердин 75% кайтарым байланыш боюнча иш алып барат.<br><br>Сабакта окуу кайтарым байланыш негизги багыттарында ишке ашырылат:<br><br>• Мугалим-окуучу:<br>- жазуу түрүндө комментарийлөө;<br>- окуучунун аткарган ишинин жыйынтыгына карата сунуштар;<br>- байкоо;<br>- блиц сурамжылоо;<br><br>• Мугалим-ата-эне:<br>-класстык ата-энелер чогулушунда, предметник мугалимдер ата-энелерге билим берүүнүн формаларын жана сабакта колдонуучу усулдары тууралуу маалымат беришет.<br><br>• Окуучу-окуучу:<br>- бири-бирин сыйлоо, урматтоо атмосферасы;<br>-бири-бирин суроо, баалоо( жупта иштөө);<br>- топто иштөө(талкуу);<br><br>Мугалимдердин педагогикалык чеберчилигин арттыруу максатында өткөрүлгөн ачык сабактартан кийин сабакты талкулоо карта боюнча жүргүзүлүп, сабактын жетишкендиктери жана кемчиликтери белгиленип, | **1.**Сабакка анализ берүү картасы<br><br>2.Мугалим өзүн-өзү талдоо, баалоо<br>3.Ата-энелерди,окуучуларды анкеттөө<br><br>4.Электрондук күндөлүк |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | мугалимге тиешелүү сунуштар берилет.<br>Мектеп практикасынан белгилүү болгондой, мугалим калыптандыруучу баалоону өз убагында коррекциялоо, пландаштырууга өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн пайдаланса, ал эми окуучулар болсо аткарган иштин сапатын жакшыртуу үчүн пайдаланат. Кайтарым байланыш билим берүү процессине оң таасир берет жана ал аркылуу окуучуларга билим алууда алдына койгон максаттарына жетүүгө мүмкүнчүлүк берилет. Окуучулардын билим алуу процессинин кайсы жактарына көңүл буруу керек экенин көрсөткөн кайтарым байланыш окуучуларга билим алууда өз күчүнө ишенип, өздөрүнүн жетишкендиктерин жогорулатууга түрткү берет.. Мугалимдер көптөгөн максаттар менен катар окуучуларга жана алардын ата-энелерине кайтарым байланышты туура кабыл алууга, аны окуучулардын билим алуу сапатын жогорулатуу үчүн колдонууга үйрөтүп келишет.Ата-энелерди кайтарым байланыш берүүгө катыштыруу менен мектеп окутуу процессин өнүктүрүүгө жакшы шарт түзүүдө.<br>Предметтик мугалимдер оозеки жана жазуу кайтарым байланышты сабак өтүүдө кеңири пайдаланышат. Окуучуларды, ата-энелерди сурамжылоо , окутуунун усулдарын жана формаларын корректировкалоодо колдонулат**.** Ар жылы окуучулардын, ата-энелердин, мугалимдердин мектептин ишмердүүлүгүнө канааттануусун изилдөө максатында социалдык сурамжылоо өткөрүлүп турат.Мектептин сайтына каалагандар өз комментарийлерин жана сунуштарын калтырса болот. Окуучулардын күнүмдүк ,чейректик сабактагы жетишүүсүн ата-энелер электрондук күндөлүктөн көрө алышат. | |
| а т с ү ү р е т 2.4 | мили Б<br>нталаптарынаылайыкокуу дагыжетишкендиктердиб аалоонунобъективдүү жанаачык- | А.Бакаев атындагы Ильич жалпы билим берүү орто мектебинин окуучуларынын окуу-тарбия иштериндеги жетишкендиктерин баалоо системасынын жобосуна ылайык мектептеги окуу процессинин абалын эффективдүү чагылдыруу, окуу-тарбия ишмердүүлүгүндөгү жетишкендиктерди анализдөө жана анын негизинде окутуу- тарбиялоо | 1.Сапатты а б системасы жөнүндө жобосу<br><br>2.Класстар боюнча билим алуусу , жетишүү мониторинги жана об |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | айкынсистемасынынболу шу | процессин өнүктүрүү жолго коюлган. Ар бир предметтердин окутулушу планга ылайык мектеп администрациясы тарабынан текшерилип турат. Окуучулардын Билим, билгичтик, көндүмдүүлүктөрү билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын талаптарына жооп берет:<br>1.окуучулардын билим сапатынын жогорулашы<br>2. олимпиадалардын бардык этаптарынын, тестирлөөнү, ЖРТ жыйынтыктарыбүтүрүүчүлөрдүн Кыргызстандагы жана чет өлкөлөрдүн ЖОЖда окуусу<br>3.Мектеп окуучуларынын өмүрү жана ден соолугунун коопсуздугу<br>4. Кечигүүлөр, сырттан келген жарандар үчүн каттоо журналында маалымат берилет.<br><br>Окуучулардын билим берүү стандартынын талаптарына ылайык окуудагы жетишкендиктерин баалоо системасы диагноздоочу, калыптандыруучу жана жыйынтыктоочу баалоодон турат.<br>**Мугалимдер окуучулардын жетишүүсүн баалоодо бир катар текшерүүлөрдүн жыйынтыгынын негизинде ишке ашырыт:**<br>1. Оозеки<br>2.Жазуу( өз алдынча иштер, жат жазуу, текшерүү иш, тестер, эссе, дил баян, баяндама)<br>3.Практикалык ( эксперименталдык изилдөө жана окуу долбоорлорунун ар кандай түрлөрүн аткаруу, объектер менен иштөө, буюдарды жасоо)<br>**Мугалимдер баалоонун ар кандай усулдарын сабактарда пайдаланышат.**<br>Мисалы: Кол менен белги берүү, бир мүнөттүк эссе,өзүн-өзү баалоо,бири-бирин баалоо, топтордо баалоо ж.б | талдоо<br><br>3.Предметтердин мониторинги<br><br>4.У.Б.анализи |
| 2.5. | олаабаграчууюО | Мектепте окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун атайын иштелип | 1.Апелляциянын жобосу |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | лдонулуучуэрежелери,жол-жоболоружанажыйынтыктары,ошондойэле алардыкайракароонунжол-жоболоружөнүндөмаалымдоо системасынынболушу | чыккан критерийлери жана жол-жоболору бар. Баа коюу-баанын нормативдик туюнтулушу.Баалоонун баа коюу механизми бир топ эле формалдаштырылгандыктан , мугалим үчүн ал сабактагы тартипти камсыздоонун маанилүү каражаты катары каралат.Предметник мугалимдер окуучуларды баалоодо төмөнкү эрежелерге таянат<br><br>**Баалоонун эрежелери :**<br><br>* Жакшы баалоодон жана баа коюудан сараңданба . (Бирок бул бааны көтөрмөлөп койгула дегендикке жатпайт)<br><br>* Ар дайым окуучунун ийгиликтерин баса көрсөтүп жана аны мактоодон тажаба.<br><br>* Эки коёрдон мурда, анын себептерин тактагыла жана аны жойгонго аракет жасатканга көнүктүргүлө.<br><br>* Окуучуну эмес, анын ишин сындагыла.<br><br>* Окуучуга оңолгонго мүмкүнчүлүк бергиле.<br><br>* Окуучуга «Сен, дагы туура эмес жасадыңбы» деп айтуунун өзү колунан эч нерсе келбеген окуучуларды өстүрүп чыгарууга шарт түзөт.<br><br>* Окуучунун жакшы окуп кетишин пландаштыргыла жана уюштургула.<br><br>Мугалимдер нормативдик дагы, критерийлик дагы баалоону колдонушат. Эгер окуу материалынын ар бир окутулган маанилүү фрагментин өздөштүгөндүгүн же өздөштүрбөгөндүгүн сөзсүз аныктоо зарыл болсо, анда мындай учурда баалоонун критериалдык тибин пайдаланышат. Предмет боюнча мектеп олимпиадасына катышуу үчүн класстан бир нече окуучуларды тандоо зарыл болсо, анда сөзсүз түрдө баалоонун нормативдик тиби колдонулат.<br>Окуучулардын бааларын маалымдоо системаларынын бири бул класстык чогулуштар, мектептин ата-энелер чогулушу.Педкеңешмеде окуучулардын | 2.Класс жетекчинин жобосу<br><br>3.Баалоо критерийлери, нормативпредметтер боюнчажобо<br><br>4.Электрондук журналдынжобосу. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | жетишүүсү, билим сапат көрсөткүчтөрү каралып, талкууланат. Негизги жана орто мектептин курсун аяктаган бүтүрүүчүлөр, Кыргыз Республикасынын кабыл алынган мыйзамынын неизинде Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясын тапшырышат .Ошондой эле Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияга чейин ЖРТ, НЦТ тапшырышат .Экзаменге даярдануу мезгилинде мектепте жана класстарда экзамендик бурч уюштурулат .Стендте предметтер боюнча ЖМАнын расписаниеси, баалоонун критерийлери жана болжолдуу жооптордун үлгүсү көрсөтүлөт .<br>Окуудагыжетишкендиктердибаалоонунобъективдүү жанаачык-айкынсистемасынын камсыздоо масатында экзамен учурунда , экзамен алуучу комиссиялардын мүчөлөрү иш алып барат.Бүтүрүүчүлөрдүн баалары класстык журналга жана экзамендик ведемостко коюлуп, протокол жазылат. Ар бир экзамен бүткөн соң класс жетекчи өзүнүн функционалдык милдетине ылайык окуучуларга экзамендик комиссиянын протоколу менен тааныштырат.<br>Талаш-тартышты чечүү комиссиясы түзүлгөн.Бүтүрүүчү алган баасына макул болбогон кезде, талаш-тартыш чечүү комиссиясы кайрылууну кабыл алып, ишин кайра карайт. Аппеляцияны кабыл алуу жана кароо ЖМАны өткөрүү жобосунун VIII бөлүмүнүн негизинде жүргүзүлөт.Акыркы беш жыл ичиде аппеляцияга берүү жөнүндө арыз түшкөн эмес. | |
| 2.6. зуспоо | К ,өнүктүрүүчүжан апсихологиялыкжактаны ңгайлуубилимберүүчөйрө сүнкамсыздоо,билимберү үпроцессиндеден соолуктусактоочуыкмала рды колдонуу | Коопсуз мектептик чөйрө өзүнө бир нече аспекттерди камтыйт: психологиялык/ социалдык коопсуздук (укугунун чектелбеши, зомбулуксуз, жана толеранттуу чөйрө);<br>Мектепте коопсуз, психологиялык ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн туруктуу өнүктүрүү багыттарын аткаруу боюнча социалдык педагог иш жүргүзөт. Мектептеги психологиялык коопсуздук тууралуу баяндаганда , эске алуучу нерсе, мектеп, так айтканда анын ички атмосферасы, окучуулардын психологиялык комфортун камсыздоонун эффективдүү механизмдерин | 1.Жобо соц.педагог, психологиялык жардам жөнүндө<br>2.Коопсуз чөйрөнү камсыздоо боюнча жобо<br>3.Окуу кабинеттердин паспорту<br>4.Билим берүү чөйрөсүнүн |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | камтый алат. Коопсуз билим берүү чөйрөсүн калыптандыруу үчүн, тийиштүү ченемдик база, эмгекти коргоо талаптары сакталат , окуу процессинин катышуучуларын өзгөчө кырдаалдардан сактоо максатында жана инсандын психологиялык коопсуздугун камсыздоо боюнча иш-чаралар жүргүзүлөт.<br>Мектеп мугалимдери коопсуз окутуу чөйрөсүн түзүү үчүн<br>класста окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн<br>эске алуу менен натыйжага жетүүгө кызыктырат, аларга психологиялык-педагогикалык колдоо көрсөтөтөт.<br>Предметтик мугалимдер окуучулардын социалдык статусуна , улутуна, жынысына карабай жаңы материалды түшүндүргөндө, сураганда жана баалаганда , баарына бирдей көңүл бөлүүгө аракеттенет.Окуучулардын өзгөчө жакшы окугандардан жетишкендиктерди күтөт. Шыктандыруу максатында баалоону колдонот. Жетишкендиктери кандай экендигине карабастан, бардык окуучуларга бирдей көңүл бөлүнөт. Мугалимдер класстарда дайыма жагымдуу психологиялык жагдай ( жолдоштук, өз ара жардамдашуу, сабырдуулук чөйрөсү)түзүүгө аркет кылышат.<br>Мектепте окуучулардын ден соолук маданиятын тарбиялоо жана чыгармачылыгын өнүктүрүү максатында “ Жаш таланттар” жана дене тарбия боюнча ийримдер иштейт. Спорттук мелдештер уюшкандыкта өткөрүлүп турат.Класстан тышкаркы иштер мугалимге да, окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн, жөндөмдүүлүктөрүн ачып, алардын ден соолугун чыңдоого жана музыкага болгон кызыгууларын аныктап, анын андан ары өнүгүшүнө көмөк түзүүгө шарт түзөт.<br>Окуучулардын коопсуздугу үчүн мектептин сыртында, ичинде видео көзөмөл коюлуп, айланасы корулган.Класстар жетиштүү.Бир класста 10-26 чейин окуучулар окуйт.Бул дагы болсо балдардын ден-соолугуна кам көрүү болуп саналат.<br>Акыркы беш жыл ичинде эч кандай тартип бузуулар катталган жок.Мектеп администрациясы коомчулук менен тыгыз байланышта иштөө менен укук-бузуулардын алдын-алуу максатында ар кандай иш чараларды өткөрөт. | коопсуздугун жакшыртуу жана ден соолукту сактоочу чөйрөнү түзүү иш мерчеми.<br><br>5.Ийримдердин планы, фотоотчёт. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Жыл сайын бардык мектеп персоналдары мед.кароодон өтөт. | |
| 2.7. | ИчИ жана тышкы баалоонун,системалуу мониторингжүргүзүүнүн окуучулардыннатыйжаларынындинамикасы | Окутуу программасынын алкагында эффективдүү иш алып баруу үчүн окуу-методикалык комплекс иштелип чыккан.Нормативдик жана окуу-методикалык иш кагаздары менен иш алып баруу жакшы жолго коюлган:<br>-мамлекеттик билим берүү стандарты;<br>- жумушчу окуу планы;<br>-жумушчу окуу программасы;<br>- тематикалык пландар;<br>**Предметтик мугалимдер ар дайым ички баалоону туура жүргүзүү менен төмөнкүлөргө жетишти:**<br>- Окуу процессине өзгөртүү киргизүү этаптарында чакан кайтарым байланышты камсыз кылууга;<br>- Стандарттуу тесттерге, текшерүү иштерине ж.б. караганда окуу процесси жөнүндө аз чыгым жумшоо менен маалымат берүүгө;<br>- Балдар менен жакшы байланыш түзүүгө жардам берип, окутуунун натыйжалуулугун жогорулатууга;<br>- Окутууну кайтарым байланыштын жардамы менен өнүгүп туруучу калыптануудагы процесс катары көрө билүүгө мүмкүндүк берүүгө;<br>Ар бир чейрекке, окуу жылына карата окуучулардын ички жана тышкы баалоо боюнча жетишкендиктеринин динамикасы класс жетекчилер, предметтик мугалимдер, усулдук бирикмениен жетекчиси жана ОТИнин жардамы менен чыгарылып, анализ берилип турат. Жарым жылдык, жылдык анализдер педагогикалык кеңешмеде, директордун алдындагы кеңешмеде, Усулдук бирикмеде каралып, талкууланат . Жетишүүнүн жыйынтыктары окуучулар жана ата-энелер менен да талкууланып, келип чыккан көйгөйлөрдү өз убагында чечүү оң натыйжаларын берет. Предметтер боюнча салыштыруу маниторинг динамикасы чыгарылып, талдоо жүргүзүлөт.Анализди талдоонун негизинде мугалимдерге сунуштар берилет.Тышкы баалоо боюнча окуучулардын райондук олимпиададагы, | 1.ЖМА-9 жана 11-класстар 5-ж.<br>2.ЖРТ салыштыруу анализи 5-ж.<br>3.УТБ салыштыруу анализи 5-ж.<br>4.Олимпиаданын салыштыруу анализи 5-ж.<br>5.Олимпиада боюнчажобо.<br>6.Мектепичиндегиолимпиаданын протоколу. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | ЖРТ жана УТБ, “Алтын Тамга” боюнча жетишкендиктеринин анализдери чыгарылып турат.<br>Акыркы беш жылдыкта билим сапатынын жана жетишүүсүнүн жыйынтыгы стабилдүү боюнча калууда. | |
| дратпаратрадыны 2.8 | К йрылууларынажанаарызд арынатаасирэтүүнүнище липчыкканжанаишкекирг изилгенжол-жоболорунун болушу | Кызыкдар тараптын кайрылууларына жана арыздарына карата мектепте жол-жоболор иштелип чыккан.<br>Жарандардын сунуштары,арыздары жана даттануулары менен иштөө тартиби “ Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген.<br>Жарандардын сунуштарын, арыздарын жана даттанууларын кабыл алуу, каттоо, аткарылышын көзөмөлдөө мектепте атайын дайындалган “Чыр-чатакты чечүү” комиссиясы тарабынан ишке ашырылат. Жарандар өз кайрылууларында же арызында жазган маселелери чечилгенде жана ал тууралуу арыз ээсине билдирүү жасалганда гана бүткөрүлдү деп эсептелет.Ар бир айдын биринчи күнүндө кайрылуулар жана арыздар боюнча аткарылышынын натыйжалары жөнүндө маалыматтар жалпылаштырылып, жетекчиликке берилет.Мектепте окуучулардын арыздары ( даттануулары) үчүн “Ишеним почтасы” ачылган.Бул почта бир жумада бир жолу ачылып, датануунун мазмуну атайын журналга катталып , директор алдындагы кеңешмеде каралып, тийиштүү иш-чаралар жүргүзүлөт.<br>Ата-энелер мектеп мүдүрүнүн кабылдамасына кайрылып, “Пикирлер жана сунуштар” китебине арыз,ойлорун жаза алышат.<br>Жазуу жүзүндө арыздар түшө элек. Көбүнчө оозеки арызданнуулар айтылып, мектеп администрациясы жана чыр-чатак чечүүчү комиссия тарабынан өз убагында туура чечим кабыл алуу менен ишке ашырылып келет. | .<br>1.Чыр-чатак чечүү комиссиясы буйругу<br>2.“Ишеним почтасынын” жобосу |

**Күчтүүжактар:**

1.Акыркы 5 жыл ичинде предметтик мугалимдер кесибин жогорулатуу курстарына, семинарларга, тренингдерге активдүү катышуу менен МКТны 80% өздөштүргөн .

2. Окутуучулар, окуучулар жана ата-энелер менен жакшы кайтарым байланыш түзүлгөн.

3.Мамлекеттик билим берүү стандарты боюнча сунушталган баалоо системасы иштейт.

4.Кызыктартараптардан арыздардын түшпөгөндүгү.

**Алсыз жактар:**

1.Иш-кагаздарынын көптүгү мугалимдердин сабакка даярдануусун алакты кылат.
2.Ата-энелердин баласынын билим алуудагы жетишкендиктерине жоопкерчиликтеринин аздыгы
3.Окуу китептердин жетишсиздиги.

**Сунуш:**

ыкыл а ки г көрсөтүү

| **3.КАДРДЫКСАЯСАТТЫНЭФФЕКТИВДҮҮЛҮГҮ** | | | |
|---|---|---|---|
| 3.1. | П<br>нквалификациясынынжана билиминимбилимберүүпрограммасына шайкешкелүүсү | Мугалимдер үчүн негизги жумуш берүүчү болуп жалпы билим берүү уюму эсептелет.Мектеп уставына ылайык педагогикалык кызматка билими жөнүндө диплому, тийиштүү педагогикалык квалификациясын ырастаган педагогикалык адистикке ээ болгон адамдар кабыл алынат. Педагогикалык билими жана дасыгы жок жарандар кайра даярдоо курсунан өтүшүп, азыркы учурда педагогикалык кесипте иштеп жатышат.<br>Соттолгон же Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен тизме боюнча медициналык көрсөткүчтөрү бар жарандарга жалпы билим берүү уюмунда иштегенге жол берилбейт.<br>Педагогикалык иш жүргүзүү укугунан ажыратуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.<br>Азыркы учурда 22- мугалим эмгектенүүдө.Билим берүү бөлүмү тарабынан окуу жылынын башында, мугалимдер комплектелген. Перспективдүү пландын негизинде, мугалимдер билимин жогорулатуу курсунан өтүп турушат.<br>Педагогикалыкперсоналдынквалификациясынынжанабилимининбилимберүүпрограммасына шайкешкелет.<br>Мектепте педагогикалык курамдын комплекттелиши, квалификациясы,билими жана тажрыйбасы билим берүүнүн максаттарына жетүүгө ылайык. Ар бир окуу жылынын башталышында мугалимдердин кесиптик өздүк курамы такталып кадрдык отчет берилип турат. | 1.Бекитилген штаттык расписание<br>2020-2021 о.ж.<br><br>2.педагогикалык коллективдик сандык сапаттык маалыматы 2021-2022-окуу жылына<br><br>3.Тарификациялык тизме |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Педагогикалык кадрлардын жалпы саны- 23.<br>Анын ичинен жогорку билимдүү-18<br>Атайын орто билими бар-4.<br>Акысыз эмгек өргүүдө.<br>"Билим берүүсүнүн отличниги" – 4<br>Жалпы педстаж боюнча:<br>2-жылдан 5-жылга-2<br>5-жылдан- 10 жылга чейин-8<br>10- жылдан 15 жылга чейин,15-жылданөйдө-11 | |
| спанажкылакизи 3.2 | Ф лыккоопсузчөйрөнү,ошондойэлебилимберүүпроцессининекатышуучуларынынөзарамамилелеринбаалоону,анынжыйынтыгыбоюнчачечимдердикабыл алуунукамсыздоочумеханизмдин жанажол-жоболордунболушу | Мектеп персоналдарына эмгекти коргоо, коопсуздук техникалык эрежелерди сактоо боюнча үйрөтүү иштерин жүргүзүлүп турат.Ар бир кызматкерге бектилген тарификацияга ылайык өз убагында айлык акынын төлөнүшүн мектеп администрациясы көзөмөлдөйт.Ар бир этажда мектептин эвакуация планы илинген.Окуучулар менен техникалык коопсуздук эрежелерин сактоо талабына ылайык, жарандык коргонуу боюнча , коопсуздукту сактоо боюнча иш чаралар пландары иштелип чыккан.Мектепте турмуш тиричилик коопсуздук эрежелери боюнча сабактар, класстык сааттар өткөрүлүп турат.Химия, физика, информатика жана технология кабинеттеринде коопсуздук эрежелерин сактоо боюнча эрежелер илинген жана журналдар бар.Мектепте укук бузуунун алдын-алуу боюнча түзүлгөн пландын негизинде жаш өспүрүмдөр инспектору, айылдык кеңештин социалдык кызматкеринин катышуусу менен иш жүргүзүлөт Ата-энелер комитети, тарбия иштери боюнча директордун орун басары жана социалдык педагог менен биргеликте тарбияга оор балдардын, аз камсыз үй бүлөлөрдүн, мигранттардын балдарынын жашоо шартын текшерүү боюнча рейддерди жүргүзүшөт.Өз убагында жооптуулар тарабынан чаралар көрүлөт. Мектепте видеокамералар коюлган жана жума сайын класстардын , мугалимдердин дежурствосу уюштурулган жана администрация тарабынан бекитилгенг.Мектепте кабинеттердин температуралык көрсөткүчү санитардык | 1.Укук бузуунун алдын-алуу кеңештин жобосу<br>2.Эмгектикоргоожанатехникалыккоопсуздукбоюнчанускама<br>3.Билим берүүчөйрөсүнүнкоопсуздугунбаалоо, мониторинг жүргүзүү, сурамжылоо отчету<br>4.Мугалимдердин функционалдыкмилдеттери жөнүндөнускама |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | нормаларга жана талаптарга ылайык келет. Мектеп администрациясы коомчулук менен тыгыз байланышта иштөө менен укук-бузуулардын алдын-алууда.Мектепте физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнүн абалын билүү максатында окуучулардын керектөөлөрүн жана канааттангандыгын мезгил-мезгили менен баалоо үчүн жылына бир жолу окуучуларды, ата-энелерди, мугалимдерди анкетирлөө жүргүзүлөт. Мектептеги билим берүү кызматтарынын натыйжалуулугу ар бир класста өткөрүлгөн ата-энелер чогулушунда жана жалпы ата-энелер чогулушунда талкууланат.Планга ылайык, жумалык кеңешмелерде ,директордун алдындагы жана педагогикалык кеңештерде жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыгы талкууланып,анализ берилет,чечим чыгарылат.Кийинки иш-аракеттердин кадамы такталып, жооптуулар жана мөөнөтү коюлат. | |
| 3.3 | Педагогикалык згүлтүксүзкесиптикөнүктүрүү,алардынквалификациясынжогорулатуу жанамотивациялоосистемасынынболушу | Окуу процессинин сапатын эффективдүү башкаруу үчүн мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу маселелери мектептин усулдук кызматы тарабынан чечилет. Перспективдүү план түзүлүп, ошонун негизинде мугалимдер билимин жогорулатуу курсуна барып турушат.<br>Ар бир окуу жылынын башында райондук билим берүү бөлүмүнө квалификациясын жогорулатууга муктаж мугалимдердин тизмеси бекитилип берилет. Мектептин мугалимдеринин кесиптик квалификациясын жогорулатуу үчүн 5 жыл сайын жиберилет, андан сырткары тренингдерге , кыска мөөнөттүү квалификациясын жогорулатуучу окууларга барышат. Мектептин мугалимдеринин кесиптик квалификациясы боюнча камсыздалышы 90% .Предметтик мугалимдердин өз билимин өркүндөтүү пландары бар. Мектепте жаш мугалимдерге усулдук жардам берүү иши жөнгө салынган.Педагогикалык кеңешмеде насаатчылык ишинин жобосу кабыл алынган. Тажрыйбалуу мугалимдерге предмети боюнча жаш мугалимдер бекитилип берилген. Иш пландары түзүлгөн. Насаатчылар аткарган иши боюнча маалымдамасын директордун алдындагы кеңешмеде берип турушат .<br>Мугалимдердин ишин мотивациялоо максатында сыйлоо, мактоо баракчаларын берүү, Ардак громатага көрсөтүү иштери мектеп | 1.ББУнун мугалимдеринин үзгүлтүксүз кесиптик өнгүүсү жөнүндө план.<br><br>2.5 жыл ичинде мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу боюнча жеке пландарды жүзөгө ашыруунун жыйынтыктары жөнүндө отчёт (анын ичинде МКТны колдонуу боюнча), кесиптик өнүгүү пландарын ишке ашыруу боюнча отчёттор.<br>3. Мугалимдердин портфолиосу. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | администрациясы тарабынан алгылыктуу жүргүзүлөт.Алдыңкы мугалимдерди сыйлоо үчүн демөөрчүлөрдү тартуу иши ийгиликтүү жүргүзүлүүдө.Мектепте усулдук бирикмелердин жана мүчөлөрүнүн ишин баалоо критерийлери иштелип чыккан. Предметтик мугалимдер өзүн-өзү баалоо баракчаларын толтурат жана эксперттер дагы баа беришет. Планга коюлган иш-чараларды, семинарларды өткөргөндүгү үчүн жана мугалимдердин окуучуларды олимпиадага даярдоосу, жеке чыгармачылыгын өнүктүрүү боюнча аткарган ишине карата УБ нын жетекчилери ай сайын чогулуш уюштуруп, ишин баалайт.<br><br>2018-жылы мугалимдердин эмгек акысы жогорулап, анда мектептин кызматкерлерин шыктандыруу максатында дем берүүчү фонддор дагы түзүлгөн.Эксперттик комиссиянын курамы мугалимдердин аткарган ишинин натыйжасына жараша эмгек акысына кошумча акыны төлөп берүүнү карайт. Насаатчылык боюнча дагы жобо бекитилген. Жаш мугалимдерге насаатчылар бекитилип, иш пландын негизинде иш жүргүзүшөт. | 4.Насаатчылык боюнча жобо<br>5.Мугалимдерди сыйлоожобо.<br>6.Эксперттик кеңештин мүчөлөрү.<br><br>7.Эмгек тартиби боюнча жобо. |

**Күчтүүжактар:**

1.Мугалимдер жамааты комплектелген.:90% жогорку билимдүүлөр,
10% атайын орто билимдүү

2.Администрациялык штат атайын конкурс менен тандалган, кесибин сүйгөн мугалимдер менен толукталган.

3.Мамлекеттик программанын аткарылышы көзөмөлдөнөт, ар кайсы деңгээлде билим берүү институтарынын сунуштары , ыкмалары окуу процессинде пайдаланылат.

4.Педагогикалыккадрлардыүзгүлтүксүзкесиптикөнүктүрүү , семинарларга катыштыруу менен билим берүү процесси жакшырууда.

**Алсыз жактар:**

1.Акча-каражаттарынын жетишсиздигинен мектепте коопсуздук кызматы жана медициналык персонал жок.

2. Пенсия курагындагы 30% мугалимдердин МКТны өздөштүрө албагандыгы.

3. Жаш кадрлардын(англис тили, технология, дене тарбия) айыл жеринде жетишсиздиги.

4.Перспективдүү пландын негизинде бардык мугалимдердин билимин жогорулатуу курсунан өтпөгөндүгү

**Сунуш:**

Мугалимдердин билимин жогорулатуу курстарына баруусун көзөмөлдөө жана күчөтүү

**4.МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫКБАЗА**

| | | | |
|---|---|---|---|
| ы ү ү р е б м и л и Б 4.1 | атышуучуларына,анынич индеденсоолугунунмүмкү нчүлүгүчектелген адамдаргажеткиликтүүбо лгонокууимараттарынын жанаматериалдыкресурст ардын(жабдылганокуукла сстары, лабораториялар, компьютердик класстар,спорт зал)болушу | Мектепте бардык предметтер боюнча кабинеттер жетиштүү . Мектеп эки корпустан турат. Жыл сайын мектептин материалдык- техникалык базасынын чыңдалышында динамикалык өсүш байкалууда. Жергиликтүү бийликтин, камкорчулар кеңешинин жана демөөрчүлөрдүн жардамы менен иш жүргүзүлөт.<br>Мектеп 2- кабаттуу 5-11 класстар окуйт. Ашкана, китепкана, спорт зал, музей бар.Бардык предметтер боюнча окуу кабинети предметтик стандарттын талаптарына ылайык 50% жабдылган, усулдук материалдар менен камсыздалган .<br>2-корпуста башталгыч класстын окуучулары окуйт. Жалпы 6 -окуу кабинети. 2-корпустун абалы жакшы. Мектептин чатыры 2018-жылы алмашылган. Жылуулук системалары толугу менен 2020- окуу жылында алмаштырылган. Жыйындар залы жок.Спорт залда иш чаралар өтүлөт. Дааратканa сыртта жайгашкан.Окуу кабинеттери ата-энелердин, демөөрчүлөрдүн жардамы менен жабдылып, жаңыртылып турат. Мектептин тегереги тосулган.Мектептин аянтында бир кичи футбол аянтчасы, баскетбол аянтчасы жана машыгуу аянтчасы жайгашкан . | 1.Окуу кабинеттери боюнча фото отчёт.<br>2.Лабаратоия,спорт зал,, спорт аянтчасы,ашкана боюнча фото отчёт<br>3.Техпаспорт |
| 4.2 м и л и Б | үүреб чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо (экологиялык, эпидемиологиялыкжанаги гиеналыкэрежелержаначе немдер,өрткөкаршыкоопс уздук,эмгектикоргоожана коопсуздук техникасынын эрежелери) | Мектепте коопсуз, толеранттуу жана мамлекттик жана расмий тилде билим берүү чөйрөсү түзүлгөн.<br>Окуучуларга маалыматтык коопсуздук боюнча класс жетекчилер, социалдык педагог тарабынан көрсөтмөтмө берилет. Натыйжада окуучулар өмүрүнө, ден соолугуна таасир тийгизбеген маалыматтар менен иштөөгө үйрөнүшөт. Мектеп имараты коопсуздук техникалык талаптарга жооп берет.<br>Окуу кабинеттери маал-маалы менен желдеттирилип турат, таза суу жана канализация бар. Башталгыч класстардын окуучуларын ысык тамак жогорку деңгээлде уюштурулган . Ата-энелер тарабынан жумасына бир жолу кошумча ысык тамак берилет.Мектеп ичинде температуралык режим 18-20 градуста сакталат.Жарыктандыруу канааттандырарлык.Терезелер пластиктен. Санитардык -гигиеналык | 1.Окуу жылына даярдык тууралуу акты;<br>2.Инструкция өрт коопсуздугу жана эмгекти коргоо,техникалык коопсуздук боюнча инструкциясы жана жобо.<br>3.СЭС, өрт коопсуздугу жана эмгекти коргоо,техникалык коопсуздук боюнча актылар;<br>4.Эвакуация планы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | нормалар сакталат. Кол жуучу жайлар мектептин биринчи кабатында жана ашканада жайгашкан. Мектепти тазалоо иштери жүргүзүлүп турат.<br>Техникалык коопсуздук эрежелери , жолдо жүрүүнүн эрежелери , өрт коопсуздугу , жарандык коргонуу боюнча инструктаждар менен окуучулар класстык сааттарда таанышышат.Мектепте коопсуздук боюнча ар кандай иш-чаралар өтүлөт.Ар бир класста , коридорлордо ден соолук бурчу, окуучунун коопсуздугу боюнча бурчтар уюштурулган. Окуу жылынын башында, жыл ичинде СЭС, техникалык коопсуздук боюнча инцпекция тарабынан текшерүүлөр жүргүзүлүп турат. Материалдык баалуулуктарды каттоо боюнча инвентаризация да жүргүзүлөт. От өчүргүч оңой жеткиликтүү жерде коридордо жайгашкан. Эвакуациялык план ар бир кабатта илинген. Мектеп мугалимдерине инструктаж окуу жылынын башында өтүлөт. | |
| | 4.3. | Материалдык - техникалыкбазаныжанама алыматтыкресурстардыжа кшыртуубоюнчаиштитопт оо, баалоо,талдоожанапландо омеханизмининболушу | Мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо боюнча иш план түзүлгөн. Пландын негизинде маалыматтык ресурстарды да жакшыртуу иштери жүргүзүлүп жатат. Мектеп администрациясы акыркы беш жылда проектер менен иштеп бир катар жылыштар байкалды. Мектептин терезелери толугу менен which которулду. 2021-жылы демөөрчүлөрдүн жардамы менен ашканага идиш-аяктар, 1-этажга кол жуучу роковиналар орнотулду.Мини футбол аянтчасы салынды. Кийинки окуу жылына дааратканa салуу, жыйындар залын жасоо жана кыска мөөнөтүү бала бакча жазалганы турат.<br>2021-жылы 1-корпуска интернет жебеси 3- окуу кабинеттерине тартылды. Мугалимдер ар бир кабинетте сабак берүүдө интернет булактарынан маалыматты окуучуларга бере алат.Электрондук күндөлүк, журнал менен иштешет. “Жаңы китеп” , ИСОУ жана мектептин сайты менен иштөө жакшы өздөштүрүлдү. | 1.МТБ өнүктүрүү боюнча мектептин өнүүгүсүнүн планы;<br>2.Материалдык-техникалыкбазаныжанамаалымат тыкресурстардыжакшыртуубоюн чаиштин анализи,мониторинги,баалоо,талд оо; |

**Күчтүүжактар:**

1. Акыркы 5 жылда мектептин МТБнын чыңдоодо динамикалык өсүш;

2.Окуу кабинеттеринин жетиштүүлүгү;

| |
|---|
| 3.Окутуу чөйрөсүнүн жагымдуулугу жана имараттын техникалык талаптарга жооп берүүсү;<br>4.Эпидемалогиялык, санитардык-гигиеналык нормалардын сакталышы;<br>5.Маалыматтыкресурстардынжакшыруусу ; ("Элжурнал", "Жаңы китеп", ИСОУ, мектеп сайты) |
| **Алсыз жактар:**<br>1.Жыйындар залынын жоктугу.<br>2.Кол эмгек кабинетинин жоктугу инструменттердин, станоктордун жетишсиздиги;<br>3.Физика, Химия кабинеттеринделабораториялыкжабдыктардынэскилиги; |
| **Сунуштар:** МТБ чыңдоо боюнча чараларды көрүү |